Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
## «Атаандаштык жөнүндө»

### 1-берене. Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары

Ушул Мыйзам атаандаштыкты коргоонун жана өнүктүрүүнүн, монополиялык ишти жана кара ниет атаандаштыкты алдын алуунун, чектөөнүн, токтотуунун уюштуруу жана укуктук негиздерин аныктайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын рынокторун түзүү жана натыйжалуу иштеши үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары (мындан ары монополияга каршы мыйзамдар) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзам менен белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык макулдашууларга негизденет жана ушул Мыйзамдан жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

### 2-берене. Мыйзамды колдонуу чөйрөсү

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагында колдонулат жана ар кандай юридикалык жана жеке жактар, анын ичинде чет өлкөлүк юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышкан атаандаштыкты коргоо жана өнүктүрүү менен байланышкан мамилелерге жайылтылат.

Монополияга каршы мыйзамдардын колдонулушу чарба жүргүзүүчү субъекттерге карата алардын уюштуруу-укуктук формасына жана мында чарба жүргүзүүчү субъекттерге катталган жерине карабастан окшош түрдө жана бирдей ченемде жүзөгө ашырылат.

Ушул Мыйзамдын жоболору ата мекендик жана/же чет өлкөлүк жактардын же болбосо уюмдардын ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жетишилген макулдашууларга, ошондой эле эгерде мындай макулдашуулар же аракеттер Кыргыз Республикасынын аймагындагы атаандаштыктын абалына таасир этсе, алар жасаган аракеттерге карата колдонулат. Мындай бузуулар эл аралык уюмдар менен иштөөнүн алкагында эки тараптуу макулдашууларды түзүү жолу, ошондой эле өз ара аракеттенүүнүн башка ыкмалары менен монополияга каршы орган тарабынан каралат.

Ушул Мыйзамдын ченемдери алардын сакталышын контролдоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Евразия экономикалык комиссиясынын компетенциясында турган транс аралык рыноктордогу атаандаштыктын жалпы эрежелери менен жөнгө салынган мамилелерге жайылтылбайт.

**3-берене. Атаандаштык чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат**

Атаандаштык чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан иштелип чыгат.

Банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда монополияга каршы жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланууучу жана жөнгө салынуучу коммерциялык банктар жана башка финансы-кредиттик мекемелер тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон ченемдик укуктук актыларга ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети атаандаштык чөйрөсүндө жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясаттын, анын ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын иши жөнүндө маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарына жана Интернет тармактарына жайгаштыруу аркылуу маалыматтык ачыктыкты камсыз кылат.

**4-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр пайдаланылат:

**жеке же юридикалык жактын аффилирленген жагы**:

- тикелей же кыйыр чечимдерди аныктоого же ошол жак тарабынан кабыл алынуучу чечимдерге, анын ичинде келишимдин (оозеки келишимди кошкондо) же башка бүтүмдүн күчүнө таасир тийгизүүгө укугу бар ар кандай жеке же юридикалык жак (өздөрүнө берилген ыйгарым укуктардын алкактарында анын ишине контролдукту жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдарды албаганда), ошондой эле ушул аффилирленген жак өзүнө карата ушундай эле укуктарга ээ болгон ар кандай жеке же юридикалык жак;

- юридикалык жактын аффилирленген жагы болуп анын аткаруучу кызмат адамдары, анын добуштук акцияларынын (салымынын, үлүшүнүн) 10 же андан ашык пайызына ээ болгон (ачык акционердик коомдор үчүн - 5 жана андан ашык пайыз) акционер (катышуучу) же ар кандай ишкана да таанылат;

**вертикалдуу макулдашуу** - бири товарды алуучу же потенциалдуу сатып алуучу болгон, ал эми экинчиси товарды берүүчү же аны потенциалдуу сатуучу болгон чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы макулдашуу;

**өз ара алмаштырылуучу товарлар** - алардын функциялык арналышы, колдонулушу, сапаттык жана техникалык мүнөздөрү, баасы жана башка параметрлери боюнча салыштырууга болуучу, сатып алуучу

керектөө (өндүрүү) процессинде бирин бирине алмаштыруучу же алмаштыра алуучу товарлардын тобу;

**горизонталдык макулдашуулар** - бир товардык рынокто товарларды сатууну жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы же бир товардык рыноктон товарларды сатып алууну жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы макулдашуу;

**мамлекеттик же муниципалдык преференциялар** - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары айрым чарба жүргүзүүчү субъекттерге артыкчылыктарды бериши, бул аларга мамлекеттик же муниципалдык мүлктү, жарандык укуктун башка объекттерин берүү аркылуу, же болбосо мүлктүк жеңилдиктерди, мамлекеттик же муниципалдык кепилдиктерди берүү аркылуу иштин пайдалуу шарттарын камсыз кылат;

**жактардын тобу** - жеке жана (же) юридикалык жактардын жыйындысы;

**кодулоочу же өзгөчө шарттар** - рынокко жетүүнүн шарттары, товар өндүрүүнүн, алмашуунун, керектөөнүн, алуунун, сатуунун, башкача жолдор менен берүүнүн шарттары мында чарба жүргүзүүчү субъект же бир нече чарба жүргүзүүчү субъекттер башка чарба жүргүзүүчү субъектке (субъекттерге) салыштырганда тең абалга коюлбайт;

**картель** - өндүрүштүн көлөмү, баалар, сатуу рыногундагы үлүшү жана башкалар боюнча бардык катышуучулар үчүн милдеттүү шарттар белгиленүүчү бир тармактагы чарба жүргүзүүчү субъекттердин бирикмеси. Картелдик макулдашууга кирип жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттер өздөрүнүн юридикалык жана чарбалык өз алдынчалыгын сактап калышат.

**сатып алуучунун ордун толтуруу күчү-** сатып алуучунун товарлардын же кызматтардын бааларына жана сатуу шарттарына таасир этүү мүмкүнчүлүгү, башкача айтканда, сатып алуучулардын атаандаштарга өтүүсү канчалык оңой жана жеткиликтүү экендиги жана алар белгилүү бир товарга же кызматка канчалык муктаж экендиги;

**атаандаштык** - рынокто чарба жүргүзүүчү субъекттердин эркин мелдешүүчүлүк мында алардын өз алдынча аракеттери тиешелүү рынокто товарларды жүгүртүүнүн жалпы шарттарына бир тараптуу таасир көрсөтүүсүнө болгон, алардын ар биринин мүмкүнчүлүгүн чектеген жана керектөөчү талап кылган товарларды өндүрүүгө дем берет;

**финансылык кызмат көрсөтүүнүн атаандаштык баасы** - бул баа, ал боюнча финансылык кызмат көрсөтүү атаандаштык шарттарда берилиши мүмкүн;

**контрагент** - бүтүмдүн башка катышуучусуна каршы турган келишимдин катышуучусу, өнөктөш;

**экономикалык иштерди координациялоо** - чарба жүргүзүүчү субъекттердин бир дагы тобуна кирбеген жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин иши макулдашылуучу товардык рынокто (товардык рыноктордо) ишин жүргүзбөгөн үчүнчү жак тарабынан мындай чарба жүргүзүүчү субъекттердин аракеттерин макулдашуу. Вертикалдуу макулдашуулардын алкагында жүзөгө ашырылуучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин иш-аракеттери экономикалык ишти координациялоо болуп саналбайт;

**монополия** – бир жактын, жактардын тобунун же мамлекеттин товарларды же кызматтарды жеткирүүдө рынок шарттарына таасир этүү өзгөчө (же дээрлик өзгөчө) жөндөмдүүлүгү менен аныкталган рыноктун абалы;

**монополисттик иш** - чарба жүргүзүүчү субъекттин, жактардын тобунун өзүнүн үстөмдүк абалын кыянат пайдалануусу, монополияга каршы мыйзамга каршы келген макулдашуулар же макулдашылган аракеттер, чарба жүргүзүүчү субъекттердин (жактардын тобунун), мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же жоюуга багытталган аракеттери (аракетсиздиги);

**монополиялык жогорку баа** - үстөмдүк абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан белгиленген товардын баасы, эгерде бул баа мындай товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл болгон чыгашалардын жана пайданын суммасынан жана товарды сатып алуучулардын же сатуучулардын курамы, товарды жүгүртүү шарттары, товардык рынокко чыгуу шарттары, мамлекеттик жөнгө салуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары мындай рынок болгондо салык салуу, бажы-тарифтик, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу боюнча салыштырылуучу товардык рынокто (мындай ары - салыштырылуучу товардык рынок) атаандаштык шартында түзүлгөн баадан ашкан болсо. Кыргыз Республикасынын табигый монополиялар жөнүндө мыйзамдарына ылайык аныкталган ушул товарга тарифтин чегинде табигый монополиянын субъекти тарабынан белгиленген баа монополиялык жогорку баа деп таанылa албайт;

**монополиялык төмөн баа** - үстөмдүк абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан белгиленген товардын баасы, эгерде бул баа мындай товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл болгон чыгашалардын жана пайданын суммасынан төмөн болсо жана Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары мындай рынок болгондо, салыштырылуучу товардык рыноктогу атаандаштык шарттарында түзүлгөн баадан төмөн болсо;

**кара ниет атаандаштык** - чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишкердик жүргүзүүдө артыкчылыкты алууга багытталган, ушул Мыйзамдын

жоболоруна, иш жүргүзүүнүн саптарына, ак ниеттиктин, акылга сыйбаган жана адилеттиктин талаптарына каршы келген жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге - атаандаштарга, же алардын ишмердик беделине зыян келтириши мүмкүн болгон же зыян келтирген ар кандай аракеттер;

**атаандаштыкты чектөөнүн белгилери** - рынокто жактардын бир тобуна кирбеген чарба жүргүзүүчү субъекттердин санын кыскартуу, рынокто товарды жүгүртүүнүн башка жалпы шарттарынын тиешелүү өзгөртүүлөрү менен байланышпаган рынокто товар баасынын өсүшү же төмөндөөсү; жактардын бир тобуна кирбеген чарба жүргүзүүчү субъекттердин рынокто өз алдынча аракеттерден баш тартуусу; чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосунда өз ара макулдашуу же алар аткарууга милдеттүү болгон башка жактын көрсөтмөсү менен же жактардын бир тобуна кирбеген чарба жүргүзүүчү субъекттердин аз аракеттерин макулдашуусунун натыйжасында рынокто товарды жүгүртүүнүн жалпы шарттарын аныктоо; ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъект же бир нече чарба жүргүзүүчү субъекттер үчүн рынокто товар жүгүртүүнүн жалпы шарттарына бир тараптуу таасир этүүгө мүмкүн түзгөн жагдайлар;

**региондук (жергиликтүү) товар рыногу** - региондун аймагында же анын бөлүгүндө сатып алуучунун экономикалык мүмкүнчүлүгүнө негизделген тиешелүү аймакта же анын бөлүгүндө же анын чегинен тышкары мындай мүмкүнчүлүктүн жоктугунан товарды алууга аныкталган товарды (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) жүгүртүү чөйрөсү;

**республикалык товар рыногу** - Кыргыз Республикасынын аймагында товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) жүгүртүү чөйрөсү;

**рынок (товардык рынок)** - башка товар менен алмашууга болбогон товарды же бирин-бирин алмаштыруучу товарларды жүгүртүү чөйрөсү, анын чегинде (анын ичинде географиялык чегинде) экономикалык, техникалык же башка мүмкүндүктөрдөн же болбосо максатка ылайыктуулуктан улам кардар товарды сатып ала алат жана анын чегинен тышкары мындай мүмкүндүк же болбосо максатка ылайыктуулук жок болот;

**рыноктун күчү** – чарба жүргүзүүчү субъекттин жана/же жактардын тобунун рыноктогу атаандаштарынан көз карандысыз иш алып баруу жөндөмдүүлүгү;

**тармактык натыйжа-** товардык рыноктун (товардык рыноктордун) касиети, мында маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарда, анын ичинде белгилүү бир товарларды сатуучулар менен сатып алуучулардын ортосунда бүтүмдөрдү жасоону камсыз кылуучу Интернет тармагында электрондук эсептөө машиналары үчүн программанын (программалардын жыйындысы) керектөө баалуулугу мындай сатуучулардын жана сатып алуучулардын санынын өзгөрүшүнө жараша өзгөрөт. Тармактык натыйжа тикелей (товардын керектөө баалуулугунун бир эле топтогу

керектөөчүлөрдүн санына көз карандылыгы) жана кыйыр (керектөөчүлөрдүн бир тобу үчүн товардын керектөө баалуулугунун башка топтогу керектөөчүлөрдүн санына көз карандылыгы) болушу мүмкүн;

**монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасы (монополияга каршы комплаенс) –** чарба жүргүзүүчү субъекттин, мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же ушул чарба жүргүзүүчү субъект менен бир топко кирген жактардын ичинен башка жактын ички актыларында каралган, эгерде мындай ички акт ошол чарба жүргүзүүчү субъектке жайылтылса жана алар тарабынан монополияга каршы мыйзамдын талаптарын сактоого жана анын бузулушунун алдын алууга багытталган укуктук жана уюштуруу чараларынын жыйындысы;

**монополисттик ишти туруктуу жүзөгө ашыруу** - чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдары менен белгиленген тартипте аныкталган бир жылдын ичинде эки жолудан ашуун эмес монополисттик иштин жүзөгө ашырылышы;

**макулдашуу** - документте же бир нече документтерде камтылган жазуу жүзүндөгү келишим, ошондой эле оозеки түрүндөгү келишим;

**товар** - сатууга, алмашууга же башка жүгүртүүгө киргизүүгө арналган жарандык укуктардын (анын ичинде жумуш, кызмат көрсөтүү анын ичинде финансылык кызмат көрсөтүү) объекти;

**ыйгарым укуктуу орган** - атаандаштыкты өнүктүрүү, чектөө монополисттик ишке жана кара ниет атаандаштыкка бөгөт коюу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу мамлекеттик монополияга каршы орган жана анын аймактык бөлүмдөрү;

**финансылык уюм** - финансылык кызмат көрсөтүүчү юридикалык жак;

**финансылык кызмат көрсөтүү** - банктык кызмат көрсөтүү, камсыздандыруучу кызмат көрсөтүү, баалуу кагаздар рыногундагы кызмат көрсөтүү, лизинг келишими боюнча кызмат көрсөтүү, ошондой эле финансылык уюм көрсөтүүчү жана юридикалык жана жеке жактардын акча каражаттарын тартууга жана (же) жайгаштырууга байланышкан кызмат көрсөтүү;

**чарба жүргүзүүчү субъект** - юридикалык жактарды каттоо жана лицензиялык-уруксат берүү тутумунун чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык мамлекеттик каттоого жана (же) лицензиялануууга тийиш болгон, өзүнө киреше алып келүүчү ишти жүзөгө ашырган коммерциялык уюм жана коммерциялык эмес уюм чет өлкөлүк юридикалык жактар, ошондой эле киреше алып келүүчү ишти жүзөгө ашырган, салык мыйзамдарына ылайык катталган жеке ишкер;

**санарип платформалар** - бул санарип кызматтарын сунуш кылган жана Интернет тармагы аркылуу колдонуучулардын эки же андан көп түрдүү, бирок өз ара көз каранды топторунун (берүүчүлөр жана жеке

жактар) ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жеңилдеткен тармактык эффекттерди жаратуучу чарба жүргүзүүчү субъекттер;

**экономикалык концентрация** - жүзөгө ашырылышы атаандаштыктын абалына таасир этүүчү чарба жүргүзүүчү субъекттин бүтүмдөрү, башка иш аракеттери;

**5-берене. Монополияга каршы мамлекеттик орган**

Монополияга каршы мамлекеттик орган жана анын аймактык бөлүмдөрү атаандаштыкты өнүктүрүү жана коргоо, монополиялык ишти жана кара ниет атаандаштыкты чектөө, бөгөт коюу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашырат жана өз милдеттерин аткарууда көз карандысыз болуп саналат.

Монополияга каршы мамлекеттик органдын функциялары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилүүчү жобо жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

Монополияга каршы мамлекеттик орган төмөнкү киреше булактарынын эсебинен каржыланат:

- республикалык бюджеттен;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен белгиленген республикалык бюджеттин пайдасына өндүрүүнүн (кирешеден) пайыздарынан;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган каржылоонун башка булактарынан.

**6-берене. Үстөмдүк абал**

1. Үстөмдүк кылуучу (монопсониялык) абал деп тиешелүү рынокто чарба жүргүзүүчү субъекттин же чарба жүргүзүүчү субъекттердин болгон рыноктук күчү таанылат, мында ал атаандаштарынан, кардарларынан жана акыр аягында керектөөчүлөрүнөн көз карандысыз өзүн алып жүрүшү мүмкүн.

2. Рынокто төмөнкүдөй чарба жүргүзүүчү субъекттин (финансылык уюмду кошпогондо) абалы үстөмдүк абал болуп таанылат:

1) тиешелүү рыноктогу үлүшү 35 пайызды түзсө же андан жогору болсо, эгерде монополияга каршы орган ушул Мыйзамдын бузулганы тууралуу ишти кароодо же экономикалык концентрацияны мамлекеттик контролдоону жүзөгө ашырууда көрсөтүлгөн чоңдуктан ашып кеткенине карабастан, чарба жүргүзүүчү субъекттин товардык рыноктогу абалы үстөмдүк абалда болуп саналбаганы белгиленбесе;

2) тиешелүү товардын рыногундагы үлүшү 35 пайыздан аз болсо, эгерде ошол чарба жүргүзүүчү субъекттин үстөмдүк абалы монополияга каршы орган тарабынан белгиленсе, товардык рыноктогу чарба жүргүзүүчү субъекттин ошол товардык рыноктогу анын атаандаштарынын үлүшүнүн салыштырмалуу өлчөмүнө караганда өзгөрбөгөн же бир аз гана өзгөргөн болсо жана эгерде тиешелүү рынокто төмөнкү сапаттык белгилердин айрымдары же бардыгы бар болсо мында жыйындысында төмөнкүдөй шарттар сакталса:

а) чарба жүргүзүүчү субъект товардын баасынын деңгээлин бир тараптуу тартипте аныктоого мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо же жалпы учурда тиешелүү товардык рынокто атаандаштарынан көз карандысыз аракеттенүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо;

б) жеткирүү чынжырынын бир нече деңгээлдеринде анын катышуу деңгээлин кошо алганда, тиешелүү рыноктогу башка атаандаштарга салыштырмалуу чарба жүргүзүүчү субъекттин жана анын ресурстарынын көлөмү жана күчү олуттуу болсо;

в) жаңы же иштеп жаткан атаандаштардын тиешелүү товардык рынокко жеткиликтүүлүгү, анын ичинде экономикалык, технологиялык жана административдик чектөөлөрдүн же кирүүгө же кеңейтүүгө башка тоскоолдуктардын болушунан улам татаал болсо;

г) үстөмдүк кылуучу чарба жүргүзүүчү субъектти ооздуктоого жөндөмдүү сатып алуучунун компенсациялык күчү жок же чектелген болсо;

д) бул чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан сатылган же сатып алынган товар керектөө учурунда (анын ичинде өндүрүштүк максатта керектөө учурунда) башка товар менен алмаштырылышы мүмкүн болбосо;

е) товардын баасынын өзгөрүшү товарга болгон суроо-талаптын тийиштүү төмөндөшүн шарттабаса.

3. Ар бир чарба жүргүзүүчү субъекттин же бир нече чарба жүргүзүүчү субъекттердин (финансылык уюмдарды кошпогондо) ага карата жалпысынан төмөнкүдөй шарттар аткарылуучу абалы үстөмдүк кылуучу абал деп таанылат:

1) үчтөн ашпаган чарба жүргүзүүчү субъекттердин жыйынды үлүшү 50 пайыздан ашса, мында алардын ар биринин үлүшү бул рыноктогу башка субъекттердин үлүшүнөн көп болсо, же бештен ашпаган чарба жүргүзүүчү субъекттердин жыйынды үлүшү 70 жана андан ашык пайызды түзсө, мында алардын ар биринин үлүшү тиешелүү рыноктогу башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин үлүштөрүнөн көп болсо (эгерде көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттердин жок дегенде биринин үлүшү 10 пайыздан аз болсо, ушул жобо колдонулбайт);

2) узак мезгил аралыгында (бир жылдан кем эмес аралыкта же эгерде мындай мөөнөт бир жылдан аз болсо, тиешелүү рыноктун иштөө мөөнөтүндө) чарба жүргүзүүчү субъекттердин үлүштөрүнүн

салыштырмалуу өлчөмдөрү өзгөрүлбөсө же анча маанилүү эмес өзгөрүүлөргө дуушар болсо, ошондой эле жаңы атаандаштардын тиешелүү товардык рынокко кирүүсү кыйын болсо;

3) мындай чарба жүргүзүүчү субъекттер (рынок субъекттери) тарабынан сатылуучу же сатып алынуучу товар керектелгенде (анын ичинде өндүрүштүк максаттарда керектелгенде) башка товар менен алмаштырылбаса, товардын баасынын өсүшүнүн бул товарга суроо-талаптын төмөндөшүнүн мындай деңгээлине ылайыктуулугу шартталбаса, тиешелүү товардык рынокто бул товардын баасы, жактардын белгисиз чөйрөсү тарабынан сатуу же сатып алуу шарттары жөнүндө маалымат жеткиликтүү болсо.

4. Табигый монополия абалындагы товардык рынокто табигый монополиянын субъекти болуп саналган чарба жүргүзүүчү субъекттин абалы үстөмдүк абал деп таанылат

5. Чарба жүргүзүүчү субъекттин үстөмдүк абалын аныктоодо монополияга каршы орган ушул berенинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн сандык көрсөткүчтөрдөн тышкары 2-бөлүктүн 2-пунктунун (а)-е)) пунктчаларында көрсөтүлгөн сапаттык факторлорду да эске алууга укуктуу.

6. Монополияга каршы орган жыйынды (жамааттык) үстөмдүктү орнотуу үчүн сапаттык факторлорду эске алат:

1) өздөрүнүн кардарларына, атаандаштарына, сатып алуучуларына көз карандысыз аракеттенүүгө мүмкүндүк берген кызыкдар чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы экономикалык байланыштар же факторлор, алар анын ичинде акцияларга ээ болуу, биргелешкен ишканаларга катышуу же башкаруу кызматтарынын чырмалышы;

2) кызыкдар чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы саясатты кабыл алуусуна көмөктөшүүчү ар кандай байланыштыруучу факторлор же түзүмдөр;

3) чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосунда жашыруун координациялоо көз карашынан алганда, алар координациялоо шарттарына жетишүүгө, координациялоо шарттарынын сакталышын контролдоого жөндөмдүү жана токтотуу механизминин реалдуу коркунучу бар.

7. Финансылык уюмдардын (иши Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланган финансылык уюмдарды кошпогондо) абалы үстөмдүк абал болуп таанылат, эгерде:

1) финансылык уюмдун тийиштүү финансылык рыноктогу үлүшү 35 же андан ашык пайызды түзсө;

2) финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн тийиштүү рыногундагы эң көп үлүш таандык болгон эки финансылык уюмдун жыйынды үлүшү алардын иши жактардын тобу жана (же) аффилирленген жактар жана (же) атаандаштыкты чектөө белгилери табылган катары далилденген шарттарда 50 же андан көп пайызды түзсө;

3) финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн тийиштүү рыногундагы эң көп үлүш таандык болгон үч финансылык уюмдун жыйынды үлүшү алардын иши жактардын тобу жана (же) аффилирленген жактар жана (же) атаандаштыкты чектөө белгилери табылган катары далилденген шарттарда 70 же андан көп пайызды түзсө.

8. Сатуучулар менен сатып алуучулардын ортосунда бүтүмдөр санариптик платформаны пайдалануу аркылуу ишке ашырылган товардык рыноктогу (товардык рыноктордогу) атаандаштыктын абалына талдоо жүргүзүүдө монополияга каршы орган тармактык натыйжалардын болушун белгилейт жана санариптик платформага ээ болгон жана аны пайдалануу аркылуу белгилүү бир товарларды сатуучу жана сатып алуучу катары чыккан башка жактардын ортосунда бүтүмдөрдү жасоону камсыз кылган чарбакер субъекттин тиешелүү товардык рынокто товарды жүгүртүүнүн жалпы шарттарына чечүүчү таасир тийгизүү, жана (же) башка чарба жүргүзүүчү субъекттерди товардык рыноктон четтетүү жана (же) башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге товардык рынокко кирүүсүн кыйындатуу мүмкүнчүлүгүнө баа берет, анын ичинде ушундай санариптик платформа аркылуу жасалуучу бүтүмдөрдүн санынын эсебинен.

9. Чарба жүргүзүүчү субъекттин үстөмдүк абалын белгилөөдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилеген тартипте атаандаштык чөйрөсүнүн абалына баалоо жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын товардык рынокторундагы атаандаштыктын абалы жана алар үчүн атаандаштык эрежелеринин бузулушуна бөгөт коюу боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө жылдык отчет Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берилет жана Интернет тармагында монополияга каршы органдын расмий сайтына жайгаштырылат.

10. Чарба жүргүзүүчү субъект ушул Мыйзамдын бузулушуна жол бербөө максатында товардык рыноктогу өзүнүн абалына талдоо (мониторинг) жүргүзөт жана монополияга каршы органга анын товардык рыноктогу абалы үстөмдүк кылуучу катары таанылышы мүмкүн эместигинин далилдерин берет.

**7-берене. Товардын монополиялык кымбат баасы**

1. Үстөмдүк абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъект белгилеген баа товардын монополиялык кымбат баасы болуп эсептелсе, анын ичинде:

1) товардын мурда белгиленген баасын жогорулатуу аркылуу белгиленген баа саналат, эгерде мында жыйындысында төмөнкүдөй шарттар аткарылса:

а) товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл чыгымдар өзгөрүлбөгөн бойдон калса же алардын өзгөрүүсү товардын баасынын өзгөрүшүнө ылайык келбесе;

б) товар сатуучулардын же сатып алуучулардын курамы өзгөрүлбөгөн бойдон калса же товар сатуучулардын же сатып алуучулардын курамынын өзгөрүшү анча маанилүү эмес болуп саналса;

в) товардык рынокто, анын ичинде салык салууну, бажы-тарифтик, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салууну кошуп алганда мамлекеттик жөнгө салуу чаралары менен шартталган товарды жүгүртүү шарттары өзгөрүүсүз калса же алардын өзгөрүүсү товардын баасынын өзгөрүшүнө шайкеш келбесе;

2) товардын мурда белгиленген баасын сактоо же төмөндөтпөө аркылуу, эгерде мында жыйындысында төмөнкүдөй шарттар аткарылса:

а) товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл чыгымдар олуттуу төмөндөсө;

б) товарды сатуучулардын же сатып алуучулардын курамы товардын баасын төмөндөтүү жагына өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн шарттаса;

в) товардык рынокто, анын ичинде салык салууну, бажы-тарифтик, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салууну кошуп алганда мамлекеттик жөнгө салуу чаралары менен шартталган товарды жүгүртүү шарттары товардын баасын төмөндөтүү жагына өзгөртүү мүмкүнчүлүгү камсыз болсо.

2. Товардын баасы салыштырма товардык рынокто атаандаштык шартында түзүлгөн баадан ашпаган учурда, ошондой эле инновациялык иштин, башкача айтканда өз ара бирин-бири алмаштыра албаган жаңы товарды өндүрүүгө алып келүүчү иштин натыйжасы болуп саналган товар баасы монополиялык жогору деп таанылбайт.

Эгерде салыштырма товардык рынокто, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары атаандаштык шартында түзүлгөн бааны аныктоого мүмкүн болбогон учурда чарба жүргүзүүчү субъекттин чыгымдарына жана пайдасына талдоо жүргүзүлөт жана товардын негизделген баасы аныкталат.

3. Монополиялык жогору бааны аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**8-берене. Товардын монополиялык төмөн баасы**

1. Үстөмдүк абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъект белгилеген баа товардын монополиялык төмөн баасы болуп эсептелсе, анын ичинде:

1) товардын мурда белгиленген баасын төмөндөтүү аркылуу белгиленген баа саналат, эгерде мында жыйындысында төмөнкүдөй шарттар аткарылса:

а) товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл чыгымдар өзгөрүүсүз калса же алардын өзгөрүүсү товардын баасынын өзгөрүшүнө шайкеш келбесе;

б) товар сатуучулардын же сатып алуучулардын курамы өзгөрүүсүз бойдон калса же товарды сатуучулардын же сатып алуучулардын курамынын өзгөрүшү анча маанилүү эмес болуп саналса;

в) товардык рынокто, анын ичинде салык салууну, бажы-тарифтик, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салууну кошуп алганда мамлекеттик жөнгө салуу чаралары менен шартталган товарды жүгүртүү шарттары өзгөрүүсүз калса же алардын өзгөрүүсү товардын баасынын өзгөрүшүнө шайкеш келбесе;

2) товардын мурда белгиленген баасын сактоо же жогорулатпоо аркылуу, эгерде мында жыйындысында төмөнкүдөй шарттар аткарылса:

а) товарды өндүрүү жана сатуу үчүн зарыл чыгымдар олуттуу өссө;

б) товар сатуучулардын же сатып алуучулардын курамы товардын баасын жогорулатуу жагына өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн шарттаса;

в) товардык рынокто, анын ичинде салык салууну, бажы-тарифтик, тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салууну кошуп алганда мамлекеттик жөнгө салуу чаралары менен шартталган товарды жүгүртүү шарттары товардын баасын жогорулатуу жагына өзгөртүү мүмкүнчүлүгү камсыз болсо.

2. Төмөнкүдөй учурда товардын баасы монополиялык төмөн деп таанылбайт, эгерде:

1) ал салыштырма товардык рынокто атаандаштык шартында түзүлгөн баадан төмөн болбосо;

2) аны товар сатуучу белгилеши товар сатуучулар же сатып алуучулар менен тиешелүү товардык рыноктогу чарба жүргүзүүчү субъекттердин бир тобуна кирбеген жактардын санынын кыскарышына байланыштуу атаандаштыкты чектөөгө алып келбесе же алып келиши мүмкүн болбосо.

3. Монополиялык төмөн бааны аныктоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

### 9-берене. Монопсониялык абал жана монопсониялык төмөн баа

1. Чарба жүргүзүүчү субъект же жактардын тобу, же бир нече чарба жүргүзүүчү субъект, же жактардын тобу товар сатып алган белгилүү товар рыногундагы ушундай чарба жүргүзүүчү субъекттин же жактардын тобунун, же бир нече чарба жүргүзүүчү субъекттердин же жактардын тобунун үстөмдүк абалы монопсониялык абал деп таанылат.

2. Монопсониялык абал ушул Мыйзамдын 6-беренесине ылайык белгиленет.

3. Баа монопсониялык абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан белгиленген товардын баасы монопсониялык төмөн баа болуп саналат, эгерде:

1) бул баа монопсониялык абалды ээлеген чарба жүргүзүүчү субъектке товарды өндүрүүгө жана (же) сатууга сарптоолорду төмөндөтүү аркылуу кошумча киреше алууга мүмкүндүк берсе;

2) бул баа мындай товарды өндүрүүнү жана сатууну жүргүзгөн чарба жүргүзүүчү субъектке керектүү суммадан, аны өндүрүү жана сатуу үчүн сарптоолордон жана пайдадан төмөн болсо.

**10-берене. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин макулдашылган иш-аракеттери**

1. Төмөнкүдөй шарттардын жыйындысында канааттандырган товардык рыноктогу чарба жүргүзүүчү субъекттердин аракеттери чарба жүргүзүүчү субъекттердин макулдашылган аракеттери болуп саналат, эгерде:

1) мындай аракеттердин натыйжалары чарба жүргүзүүчү субъекттердин ар биринин кызыкчылыктарына шайкеш келсе;

2) мындай аракеттерди аткаргандыгы жөнүндө эл алдында алардын биринин билдирүүсүнө байланыштуу аларга катышкан чарба жүргүзүүчү субъекттердин ар бирине күн мурунтан аракеттер белгилүү болсо;

3) рыноктун көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттеринин ар биринин аракеттери макулдашылган аракеттерге катышкан башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин аракеттеринен улам келип чыкса жана тиешелүү товардык рыноктогу бардык чарба жүргүзүүчү субъекттерге бирдей өлчөмдө таасир эткен жагдайлардын натыйжасы болуп саналбаса. Мындай жагдайлар, атап айтканда, жөнгө салынуучу тарифтердин өзгөрүүсү, товарды өндүрүү үчүн колдонулуучу чийки затка баалардын өзгөрүүсү, дүйнөлүк товардык рыноктордо товарга баалардын өзгөрүүсү, бир жылдан кем эмес же эгерде бул мөөнөт бир жылдан кемди түзүп, тиешелүү товар рыногу иштеген мөөнөт ичинде товарга болгон сурамдын олуттуу өзгөрүүсү болушу мүмкүн.

2. Ушул берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттердин аракеттери жазуу жүзүндөгү макулдашуунун бар экендигине карабастан макулдашылган деп таанылат

**11-берене. Жактардын тобу**

1. Төмөнкүлөр жактардын тобу деп таанылат:

1) чарба жүргүзүүчү субъекттер жана жеке жак же юридикалык жак, эгерде мындай жеке жак же юридикалык жак ушул чарба жүргүзүүчү

субъектке катышкандыктан же башка жактардан алган ыйгарым укуктарга ылайык ошол чарба жүргүзүүчү субъекттин уставдык капиталында добуш берүүчү акциялардын (үлүштөрдүн) жалпы санынын 50 пайыздан ашыгына ээ болсо;

2) чарба жүргүзүүчү субъекттер мында бир эле жеке жак же бир эле юридикалык жак ушул чарба жүргүзүүчү субъектке катышкандыктан же башка жактардан алган ыйгарым укуктарга ылайык ошол чарба жүргүзүүчү субъекттердин ар биринин уставдык капиталында добуш берүүчү акциялардын (үлүштөрдүн) жалпы санынын 50 пайыздан ашыгына ээ болсо;

3) чарба жүргүзүүчү субъект жана жеке жак же юридикалык жак, эгер мындай жеке жак же юридикалык жак ушул чарба жүргүзүүчү субъекттин аткаруу органынын милдетин жеке өзү жүзөгө ашырса;

4) аткаруу органынын милдетин бир эле жеке жак же бир эле юридикалык жак жеке өзү жүзөгө ашырган чарба жүргүзүүчү субъекттер;

5) чарба жүргүзүүчү субъект жана жеке жак же юридикалык жак, эгер мындай жеке жак же юридикалык жак ошол чарба жүргүзүүчү субъекттин уюштуруу документтеринин же ушул чарба жүргүзүүчү субъект менен түзүлгөн келишимдин негизинде ошол чарба жүргүзүүчү субъектке милдеттүү аткаруу үчүн көрсөтмөлөрдү берүүгө укуктуу болсо;

6) бир эле жеке жак же бир эле юридикалык жак ошол чарба жүргүзүүчү субъекттин уюштуруу документтеринин же ушул чарба жүргүзүүчү субъекттер менен түзүлгөн келишимдин негизинде ошол чарба жүргүзүүчү субъекттер милдеттүү аткаруу үчүн көрсөтмөлөрдү берүүгө укуктуу болгон чарба жүргүзүүчү субъекттер;

7) чарба жүргүзүүчү субъект жана жеке жак же юридикалык жак, эгер мындай жеке жактын же юридикалык жактын сунушу менен ошол чарба жүргүзүүчү субъекттин жеке башкаруучу аткаруу органы дайындалса же тандалса;

8) бир эле жеке жактын же бир эле юридикалык жактын сунушу менен дайындалган же тандалган чарба жүргүзүүчү субъекттер жеке аткаруучу орган;

9) чарба жүргүзүүчү субъект жана жеке жак же юридикалык жак, эгер мындай жеке жактын же юридикалык жактын сунушу менен коллегиялуу аткаруучу органдын сандык курамынын же ушул чарбалык коомдун директорлор кеңешинин (байкоочу кеңешинин) 50 пайыздан ашыгы шайланса;

10) коллегиялдуу аткаруучу органынын сандык курамынын жана (же) директорлор кеңешинин (байкоочу кеңешинин) 50 пайыздан ашыгы ошол эле чарба жүргүзүүчү субъекттин бир эле жеке жактын же бир эле юридикалык жактын сунушу боюнча шайланган чарба жүргүзүүчү субъекттер;

11) коллегиялдуу аткаруучу органынын сандык курамынын жана (же) директорлор кеңешинин (байкоочу кеңешинин) 50 пайыздан ашыгы бир эле жеке жак түзгөн чарба жүргүзүүчү субъекттер;

12) бир эле финансылык-өнөр жайлык топтун катышуучусу болгон жактар;

13) жеке жак, анын жубайы, ата-энелери (анын ичинде асырап алгандар), балдары (анын ичинде асыроого алынгандар), бир тууган же аталаш/энелеш ага-инилер жана эже-карындаштар;

14) ар бири ушул бөлүктүн 1-13-пункттарында көрсөтүлгөн негиздердин бири боюнча бир эле жак менен бир топко кирген жактар, ошондой эле ар бири ушул бөлүктүн 1-13-пункттарында көрсөтүлгөн негиздердин бири боюнча андай жактардын ар бири менен бир топко кирген башка жактар.

2. Ушул Мыйзамда чарба жүргүзүүчү субъекттин, чарба жүргүзүүчү субъекттердин аракеттерине (аракетсиздигине) карата белгиленген тыюу салуулар жактардын тобунун аракеттерине (аракетсиздигине) карата таркатылат.

**12-берене. Монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыздоо системасы (монополияга каршы комплаенс)**

1. Монополияга каршы мыйзамды сактоо жана аны бузуунун алдын алуу максатында мамлекеттик үлүшү бар чарба жүргүзүүчү субъекттер, акционердик коомдор, ошондой эле менчик формасына карабастан жылдык жүгүртүүсү (киреше) 50 000 000 сомдон ашкан субъекттер монополияга каршы мыйзамдын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасын уюштурууга же башка адистештирилген уюмду тартууга милдеттүү. Ушул бөлүктүн таасирине кирбеген чарба жүргүзүүчү субъекттер ыктыярдуу негизде монополияга каршы мыйзамдын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасын уюштурат же башка адистештирилген уюмду тартат.

2. Монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасын уюштуруу үчүн чарба жүргүзүүчү субъект ички актыны кабыл алат жана/же башка ички актыларды колдонот, анын ичинде ушул чарба жүргүзүүчү субъект менен жактардын бир тобуна кирген жактардын, эгерде мындай ички актылар ушул чарба жүргүзүүчү субъектке жайылтылса. Көрсөтүлгөн ички актылар жалпысынан төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) чарба жүргүзүүчү субъект өз ишин жүзөгө ашыруусуна байланыштуу монополияга каршы мыйзамдарды бузуу тобокелдиктерин баалоону жүргүзүүнүн тартибине карата талаптар;

2) чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан өз ишин жүзөгө ашырууга байланыштуу монополияга каршы мыйзамдарды бузуу тобокелдиктерин азайтууга багытталган чаралар;

3) монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасынын иштешин чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан контролдоону жүзөгө ашырууга багытталган чаралар;

4) чарба жүргүзүүчү субъекттин кызматкерлерин ички акты менен тааныштыруу тартиби;

5) монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасынын иштеши үчүн жооптуу жак же башка ыйгарым укуктуу уюм жөнүндө маалымат.

3. Ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ички актыны кабыл алууда чарба жүргүзүүчү субъект ага монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына шайкештикти ички камсыз кылуу системасын уюштурууга карата кошумча талаптарды киргизүүгө укуктуу.

4. Ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ички актынын кабыл алынышы (колдонулушу) жөнүндө маалымат чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан расмий сайтка жайгаштырылат.

5. Чарба жүргүзүүчү субъект монополияга каршы органга ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн ички актыны же ички актынын долбоорун алардын монополияга каршы мыйзамдын талаптарына шайкештигин аныктоо үчүн жиберүүгө милдеттүү.

6. Монополияга каршы орган отуз жумушчу күндүн ичинде ушул березенин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн жиберилген ички актыны же ички актынын долбоорун карап чыгат жана алардын монополияга каршы мыйзамдын талаптарына шайкеш же шайкеш эместиги жөнүндө корутунду берет.

7. Үстөмдүк кылуучу чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан монополияга каршы мыйзамдын талаптары бузулган учурда жоопкерчиликтен бошотуу жана жеңилдетүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**13-берене. Үстөмдүк абалдан кыянаттык менен пайдалануу**

Үстөмдүк абалдагы чарба жүргүзүүчү субъекттин (жактардын тобунун) атаандаштыкты чектеген жана (же) башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин же жеке жактардын кызыкчылыгын кысымга алган же чектөөчү жана кысымга алуучу иш-аракеттерине (аракетсиздигине) тыюу салынат, анын ичине төмөнкүдөй аракеттер да кирет:

1) башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин рынокко кирүүсүнө тоскоолдуктарды түзүү;

2) өндүрүштү, рынокту же техникалык өнүгүүнү чектөө же керектөөчүлөргө зыян келтирүү менен товарларды жүгүртүүдөн алып коюу;

3) сооданын башка катышуучулары менен эквиваленттүү бүтүмдөргө туура келбеген же келишимдин предметине тиешеси жок келишимдин шарттарын контрагентке таңуулоо (контрагенттин финансылык каражаттарын, башка мүлкүн, мүлктүк укуктарын, жумушчу күчүн ж. б. өткөрүп берүү жөнүндө негизсиз талаптар), бул контрагентти ыңгайсыз абалга алып келет;

4) контрагентке (кардарга) үстөмдүк кылуучу субъект менен гана келишим түзүүгө милдеттендирүүчү шарттарды таңуулоо же продуктуларды байланыштыруу же бириктирүү;

5) контрагент же керектөөчү кызыкдар болбогон же келишимдин предметине тиешеси жок жоболорду же милдеттенмелерди киргизүү шартында келишим түзүү жөнүндө макулдашуу;

6) товардын монополиялык жогору же монополиялык төмөн баасын коюу жана кармап туруу;

7) келишимдин шарттарын берүүдөн же аткаруудан ал жеткис күч жагдайлары менен байланышпаган негизсиз баш тартуу же маржиналдык кысуу менен алектенүү;

8) тиешелүү товарларды өндүрүү же жеткирүү мүмкүнчүлүгү болгон учурда айрым сатып алуучулар (тапшырыкчылар) менен бүтүмдөн экономикалык же технологиялык негизсиз баш тартуу, ошондой эле мындай баш тартуу же мындай четтөө Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында же сот актыларында түздөн-түз каралбаган учурда;

9) товардык рынокто жасалма тартыштыкты түзүү;

10) кодулоо же өзгөчө шарттарды түзүү;

11) эгер Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарында башкасы белгиленбесе, бир эле товарга ар түрдүү бааларды (тарифтерди) экономикалык, технологиялык жана башка негизсиз коюу;

12) финансылык уюм финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизсиз жогору же негизсиз төмөн баасын белгилөө;

13) тармактык таасир мындай чарба жүргүзүүчү субъектке санариптик платформа аркылуу сатуучулар менен сатып алуучулардын ортосунда бүтүмдөрдү жасоо жүзөгө ашырылып жаткан товардык рынокто товарды жүгүртүүнүн жалпы шарттарына чечүүчү таасир көрсөтүүгө жана (же) ушул товардык рынoктон башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин четтетилишине жана (же) бул товардык рынокко башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин кирүүсүн татаалдатууга мүмкүндүк берет.

**14-берене. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин атаандаштыкты чектөөчү макулдашуулары, макулдашылган иш-аракеттери**

1. Ушул бөлүктүн 1, 2, 3, 8, 10-пункттарында каралган горизонталдык макулдашууларга, чарба жүргүзүүчү субъекттердин макулдашылган иш-аракеттерине жана/же чарба жүргүзүүчү субъекттердин бирикмелеринин чечимдерине башка аракеттер тыюу салынат, картель болуп таанылат эгер мындай макулдашуулар атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же бурмалоого алып келсе же алып келиши мүмкүн болсо, жараксыз жана мыйзамга каршы болуп саналат, анын ичинде төмөнкүлөргө багытталгандарга:

1) бааларды (тарифтерди), арзандатууларды, үстөктөрдү (кошумча төлөөнү), үстөк кошууну белгилөөгө (кармап турууга) жана бекитүүгө;

2) тооруктар процессин манипуляциялоого, мисалы, рыноктогу бааларды көтөрүүгө, төмөндөтүүгө же бирдей деңгээлде кармоого;

3) рынокту аймактык принцип боюнча, сатуунун же сатып алуунун көлөмү боюнча, сатылуучу товарлардын ассортименти боюнча, көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрү боюнча же болбосо сатуучулардын же сатып алуучулардын (тапшырыкчылардын) чөйрөсү боюнча бөлүүгө;

4) башка чарба жүргүзүүчү субъекттерди белгилүү бир товарлардын сатуучусу же сатып алуучусу (тапшырыкчы) катары рынокко чыгышын чектөөгө же рыноктон сүрүп чыгарууга;

5) суроо-талаптын көлөмүн жасалма өзгөртүү максаты менен өндүрүштүн көлөмүн макулдашууга;

6) белгилүү бир сатуучулар же сатып алуучулар (тапшырыкчылар) менен келишим түзүүдөн негизсиз баш тартууга;

7) баалык кодулоону орнотууга;

8) жүйөөлүү себептерсиз товарларды жөнөтүүнү негизсиз кыскартууга же токтотууга;

9) керектөөчүлөрдү пайдасыз абалга дуушарланткан же болбосо товарларды жана бул товарларды өндүрүүчү чарба жүргүзүүчү субъекттерди тандоонун эркиндигин чектеген келишимдердин типтүү шарттарын белгилөөгө же келишимдин предметине тиешеси жок жоболорду караштырууга;

10) өндүрүштү, рынокторду, техникалык өнүгүүнү же инвестицияларды чектөөгө же контролдоого.

Ушул бөлүктүн 4, 5, 6, 7 жана 9-пункттарында көрсөтүлгөн чарба жүргүзүүчү субъекттердин бирикмелеринин горизонталдык макулдашуулары, макулдашылган аракеттери же чечимдери, ошондой эле эгерде макулдашуунун максаты же натыйжасы атаандаштыкка жол бербөө, чектөө же бурмалоо болгон башка аракеттерге тыюу салынат.

2. Чарба жүргүзүүчү субъекттерге чарба жүргүзүүчү субъекттердин бирикмелеринин, ассоциацияларынын кандай гана формада болбосун түзүлгөн вертикалдуу макулдашууларына, макулдашылган аракеттерине же чечимдерине толук же жарым-жартылай тыюу салынат жана жараксыз деп

таанылат, эгерде мындай макулдашуулардын максаты атаандаштыкты болтурбоо, чектөө же бурмалоо болсо, төмөнкүлөрдү камтыса:

1) сатуучунун минималдуу же белгиленген кайра сатуу баасын белгилөө менен сатып алуучунун сатуу баасын аныктоо мүмкүнчүлүгүн чектөө;

2) сатып алуучу сата турган аймакты же абсолюттук мааниде сата турган кардарларды чектөө;

3) активдүү жана пассивдүү онлайн сатууну чектөө.

3. Ушул Мыйзамдын 16-беренесине ылайык жол берилет деп таанылганды кошпогондо, чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы вертикалдуу макулдашууларга тыюу салынат, эгерде мындай макулдашуулардын натыйжасы атаандаштыкты чектөөгө алып келери же алып келиши мүмкүн экендиги аныкталса, анын ичинде:

1) рыноктун башка чарба жүргүзүүчү субъекттери менен мааниси бирдей келишимдерге басмырлоочу шарттарды белгилөөчү же колдоочу, анын ичинде товарларды сатып алуу жана (же) сатуу боюнча макулдашылган шарттарды белгилөөчү;

2) чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан бир эле товарга экономикалык, технологиялык жана башка жолдор менен негизделбеген ар түрдүү бааларды (тарифтерди) коюу;

3) башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге товардык рынокко кирүүгө же товардык рыноктон чыгууга тоскоолдуктарды жаратуучу;

4) кесипкөй же башка бирикмелерде мүчөлүк (катышуу) шарттарын белгилөө жөнүндө;

5) товарды сатууну негизсиз чектөө же токтотуу жөнүндө

4. Ушул беренесинин 1- бөлүгүнүн 4,5,6 жана 9-пункттары жана 3-бөлүгүндө каралган жалпы тыюу салуулар, эгерде чарба жүргүзүүчү субъекттердин макулдашуусу, макулдашылган иш-аракеттери жана/же чарба жүргүзүүчү субъекттердин ассоциацияларынын, бирикмелеринин чечимдери жалпысынан алганда:

1) экологиялык жактан туруктуу же климаттык нейтралдуу экономикага олуттуу салым кошуу менен товарларды, же кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнү же бөлүштүрүүнү жакшыртууга же техникалык же экономикалык прогресске көмөктөшүүгө көмөктөшүү аркылуу натыйжалуулукту камсыз кылса;

2) керектөөчүлөргө пайданын адилеттүү үлүшүн алууга мүмкүндүк берсе, бирок бул максаттарга жетүү үчүн зарыл болбогон чектөөлөрдү койбосо.

5. Ушул Мыйзамдын 16-беренесинде белгиленген уруксат берүү критерийлерине ылайык уруксат берилет деп таанылган макулдашууларды, макулдашылган иш-аракеттерди кошпогондо, эгерде мындай макулдашуулар, макулдашылган иш-аракеттер атаандаштыктын

чектелишине алып келсе же алып келиши мүмкүн болсо, чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосунда макулдашылган башка макулдашууларга, макулдашылган иш-аракеттерге, анын ичинде:

1) рыноктун башка чарбакер субъекттери менен бирдей маанидеги келишимдерге карата басмырлоочу шарттарды белгилөөчү же колдоочу, анын ичинде товарларды сатып алуунун жана (же) сатуунун макулдашылган шарттарын белгилөөчү;

2) чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан бир эле товарга ар кандай баалардын (тарифтердин) экономикалык, технологиялык жана башка негизсиз белгилениши жөнүндө;

3) башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин товардык рынокко кирүүсүнө же товардык рыноктон чыгуусуна тоскоолдуктарды түзүүчү;

4) кесиптик жана башка бирикмелерге мүчөлүктүн (катышуунун) шарттарын белгилөө жөнүндө;

5) товарларды сатууну негизсиз чектөө же токтотуу жөнүндө макулдашууларга тыюу салынат.

6. Жеке жана юридикалык жактарга ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө саналган кесепеттерге алып келүүгө жөндөмдүү, алып келүүчү же алып келген чарба жүргүзүүчү субъекттердин экономикалык ишин координациялоого тыюу салынат.

7. Чарба жүргүзүүчү субъектке чарба жүргүзүүчү субъекттердин ассоциацияларынын, бирикмелеринин макулдашуусу, макулдашылган иш-аракеттери жана/же чечимдери негиздүү экендигин далилдөө жүгү жүктөлөт жана ошондуктан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен белгиленген тартипте жоопкерчиликтен бошотулушу мүмкүн.

8. Ушул берененин жоболору, эгерде мындай чарба жүргүзүүчү субъекттердин бири тарабынан башка чарба жүргүзүүчү субъектке карата контроль белгиленсе же мындай чарба жүргүзүүчү субъекттер бир жактын контролунда болсо, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык монополияга каршы бир чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан бир убакта аткарууга жол берилбеген иштин түрлөрүн жүзөгө ашыруучу чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы макулдашууларды кошпогондо, бир жактардын тобуна кирген чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы макулдашууларга жайылтылбайт.

9. Ушул Мыйзамдын ушул беренесинин контролу астында төмөнкүдөй аракеттердин бири же бир нечеси аркылуу башка юридикалык жак тарабынан кабыл алынуучу чечимдерди жеке же юридикалык жактын тике же кыйыр (юридикалык жак аркылуу же бир нече юридикалык жак аркылуу) аныктоо жөндөмдүүлүгү түшүнүлөт:

1) юридикалык жактын уставдык капиталын түзгөн добуш берүүчү акцияларга (үлүштөргө) туура келген добуштардын жалпы санынын 50 пайыздан ашыгын тескөө;

2) юридикалык жактын аткаруу органынын функцияларын жүзөгө ашыруу.

10. Ушул берененин талаптары интеллектуалдык иштин натыйжасын же жарандык карым-катнаштын катышуучуларын, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекелештирүү каражаттарын пайдалануу укугун берүү жана (же) ажыратуу жөнүндө макулдашууларга жайылтылбайт.

11. Ушул берененин 2 жана 3-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн тыюу салуулар товардык рыноктогу үлүшү 20 пайыздан ашпаган чарба жүргүзүүчү субъекттердин макулдашылган аракеттерине жайылтылбайт.

**15-берене. Макулдашууларга же макулдашылган иш-аракеттерге катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу жана жеңилдетүү**

1. Ушул Мыйзамдын 14-беренесинде тыюу салынган макулдашууларга же макулдашылган аракеттерге өзүнүн катышуусу жөнүндө монополияга каршы органга биринчи болуп ыктыярдуу билдирген чарба жүргүзүүчү субъект бир эле учурда төмөнкү шарттарды сактоо менен айыптардан жана республикалык бюджеттин пайдасына өндүрүп алуудан бошотулат:

1) укук бузууга катышкандыгынын фактысын таануу;

2) жасалган укук бузуунун ишенимдүү жана жетиштүү далилдерин монополияга каршы органга берүү;

3) териштирүүнү жүргүзүүнүн бардык мезгилинде монополияга каршы орган менен үзгүлтүксүз кызматташуу;

Монополияга каршы мыйзамдардын талаптарын аткарууну камсыз кылуу боюнча ички системанын болушу жана иштеши келечекте макулдашууларга же макулдашылган аракеттерге катышкандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу же жеңилдетүү үчүн кошумча шарт болуп саналат.

2. Биринчи болуп саналбаган, бирок ошол эле макулдашууларга жана макулдашылган иш-аракеттерге катышкандыгын билдирген жана монополияга каршы органдын иликтөөсүнө олуттуу салым кошкон чарба жүргүзүүчү субъекттер айып пулдан бошотулушу мүмкүн (жоопкерчиликти жеңилдетүү).

3. Чарба жүргүзүүчү субъект 14-берененин 1-бөлүгүнүн 4, 6, 7 жана 9-пункттарында каралган макулдашылган иш-аракеттер ушул Мыйзамдын

16-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык жол берилген деп таанылышы мүмкүн экендигине далилдерди берүүгө укуктуу.

4. Жоопкерчиликтен толук бошотуу же жеңилдетүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталат.

**16-берене. Макулдашууларга, макулдашылган иш-аракеттерге жол берүү**

1. Жазуу жүзүндөгү вертикалдуу макулдашууларга жол берилет (финансы уюмдарынын ортосундагы вертикалдуу макулдашууларды албаганда):

1) эгерде бул макулдашуулар коммерциялык концессиянын келишими болуп саналса;

2) эгерде вертикалдуу макулдашуунун предмети болуп саналган товардык рыноктогу мындай макулдашуунун катышуучуларынын жыйынды үлүшү 20 пайыздан ашпаса.

2. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин ушул Мыйзамдын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4, 6, 7- жана 9-пункттарында көрсөтүлгөн макулдашууларына же макулдашылган иш-аракеттерине, эгерде мындай макулдашуулар жана макулдашылган иш-аракеттер менен айрым жактар үчүн тийиштүү товардык рынокто атаандаштыкты жок кылууга мүмкүндүк түзүлбөсө, алардын катышуучуларына же үчүнчү жактарга чектөөлөр коюлбаса жана мындай макулдашуулардын же макулдашылган иш-аракеттердин натыйжасы болуп төмөнкүлөрдүн натыйжасы саналса, жол берилиши мүмкүн:

1) өндүрүштү өркүндөтүү, товарларды сатуу же техникалык, экономикалык прогресске өбөлгө түзүү же болбосо дүйнөлүк рынокто товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу;

2) чарба жүргүзүүчү субъекттердин иш-аракеттеринин (аракетсиздигинин), макулдашууларынын жана макулдашылган иш-аракеттеринин, бүтүмдөрүнүн натыйжасында алынган артыкчылыкка (пайда) шайкеш керектөөчүлөр тарабынан артыкчылык (пайда) алуу.

3. Ушул Мыйзамга ылайык жол берилген деп таанылышы мүмкүн болгон макулдашууга жетүүгө ниеттенген чарба жүргүзүүчү субъекттер макулдашуунун долбоорун монополияга каршы мыйзамдардын талаптарына ылайыктыгын текшерүү жөнүндө арыз менен (жазуу жүзүндө) монополияга каршы комплаенс аркылуу монополияга каршы органга кайрылууга укуктуу. Арызды кароо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

**17-берене. Кара ниет атаандаштык**

1. Кара ниет атаандаштыкка жол берилбейт, анын ичинде төмөндөгүлөргө:

1) товарды же анын бөлүктөрүн көчүрүп алуу техникалык колдонуу менен гана шартталган учурларды кошпогондо, башка чарба жүргүзүүчү субъекттин товарын, ошондой эле сырткы көрүнүшү анын таңгагынын формасын жана сырткы жасалгасын өз алдынча көчүрүп алууга;

2) башка чарба жүргүзүүчү субъекттин патенттик укугун бузуу жолу менен анын продукциясын түздөн-түз кайталап өндүрүп чыгарууга;

3) башка чарба жүргүзүүчү субъекттин иши менен чаташтырууга алып келген товардык белгисин, тейлөө белгисин, товардын чыгарылган жеринин аталышын, фирманын аталышын мыйзамсыз пайдаланууга;

4) башка чарба жүргүзүүчү субъекттин ишкердик бедели жана финансылык абалы жөнүндө аны чыгашага дуушарлантуучу же ишкердик беделине зыян келтирүүчү жалган жана бурмаланган маалыматты таратууга;

5) башка чарба жүргүзүүчү субъекттин продукциясын анын интеллектуалдык иштин натыйжаларына жана аларга теңештирилген жарандык карым-катнашка катышуучуларды, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жекече түргө өткөрүү каражаттарына укуктарын бузуу жолу менен даярдоого, сатууга жана рынокко башкача киргизүүгө (укукка сыйбаган пайдаланууга);

6) атаандаштын илимий-техникалык жана өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бурмаланган маалыматтарды таркатууга;

7) атаандаштын ишкердик мамилелерин мыйзамсыз жолдор менен атайылап бузууга, үзгүлтүккө учуратууга жана токтотууга;

8) атаандаштын кызматкерлерине аларды кызматтык милдеттерин аткарбоого түртүү максатында мыйзамсыз жолдор менен таасир этүүгө;

9) чарба жүргүзүүчү субъекттин илимий-техникалык, өндүрүштүк же соода иштери жөнүндө маалыматтарды, анын ичинде коммерциялык сырын мыйзамсыз жолдор менен билүүгө, пайдаланууга жана жарыялоого;

10) атаандашынан адилетсиз артыкчылык алуу максатында анын чарбалык чечимдерди кабыл алуусуна жана аткаруусуна мыйзамсыз жолдор менен таасир этүүгө;

11) атаандаштын ишкердик байланыштарын бузуу жана андай байланыштарды түзүүсүнө тоскоолдук кылуу максатында рыноктун башка субъекттерин үндөөгө (кайрылууга);

12) керектөөчүлөрдү адаштыруу максатында чарба жүргүзүүчү субъекттин товарынын чыккан жери, жасоо ыкмасы, пайдалануу үчүн жарактуулугу, сапаты жана башка касиеттери жөнүндө, ишкердин жеке өзү же чарбалык ишинин мүнөзү жөнүндө адаштыруучу ар түрдүү маалыматтарды таратууга;

13) товарды керектөө жана башка маанилүү касиеттерине карата керектөөчүлөрдү адаштыруу максатында товарды ылайык эмес айырмалоо белгиси менен жабдууга;

14) товардын өз касиетине же ага коюлуучу талаптарга дал келбестигин жашырууга;

15) тийиштүү рынокто товардын айрым түрүн атаандаш шарттарга караганда төмөн же атаандаштыкты чектөөгө багытталган өздүк наркынан төмөн бааларда атайылап сатууну жүзөгө ашыруу;

16) чарба жүргүзүүчү субъект өндүрүүчү же сатуучу товарларын башка чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан өндүрүлгөн же сатылган товар менен туура эмес салыштырууга.

2. Жарандык карым-катнашка катышуучулардын, товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жекелештирүү каражаттарына өзгөчө укукту алуу жана пайдалануу менен байланышкан кара ниет атаандаштыкка жол берилбейт

**18-берене. Атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же жоюуга багытталган мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын актылары жана аракеттери (аракетсиздиги)**

1. Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына чарба жүргүзүүчү субъекттердин өз алдынчалыгын чектеген актыларды алууга жана (же) аракеттерди жасоого, айрым чарба жүргүзүүчү субъекттердин иши үчүн кысымга алган же ыңгайлуу шарттарды түзсө, эгерде мындай актылар жана (же) аракеттер атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же жоюлууга жана (же) чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана (же) жеке жактардын кызыкчылыктарын кысымга алууга алып келсе же алып келүүгө мүмкүн болсо тыюу салынат, анын ичинде төмөндөгүлөргө:

1) иштин кайсы бир чөйрөсүндө жаңы чарба жүргүзүүчү субъекттерди түзүүгө, ошондой эле иштин айрым түрлөрүн жүзөгө ашырууга тыюу салууну белгилөөгө, анын ичинде товарлардын айрым түрлөрүн соодалоого жана (же) сатып алууга же өндүрүүгө тыюу салууну же чек коюуну киргизүүгө;

2) иштин кайсы бир чөйрөсүндө чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишин жүзөгө ашырылышына негизсиз тоскоолдук кылууга;

3) чарба жүргүзүүчү субъекттерге атаандаштыктын чектелишине алып келүүчү ыйгарым укуктарды берүүгө;

4) продукцияны Кыргыз Республикасынын региондор ортосунда ташууга карата негизсиз тыюу салууну же чектөөнү белгилөөгө;

5) азык-түлүк көз карандысыздыгын, калк үчүн азык-түлүктүн экономикалык жеткиликтүүлүгүн жана мамлекеттин улуттук коопсуздугун

камсыз кылуу учурларын кошпогондо, рынокто үстөмдүк абалды ээлөөсү шартталган чарба жүргүзүүчү субъекттерди түзүүгө;

6) айрым чарба жүргүзүүчү субъекттерге бир эле рыноктогу башка субъекттерге карата артыкчылыктуу абалга чыгуучу жеңилдиктерди, анын ичинде артыкчылыктуу тартипте маалымат алууну негизсиз берүүгө;

7) чарба жүргүзүүчү субъекттердин тышкы экономикалык иштерине негизсиз чектөөнү белгилөөгө;

8) чарба жүргүзүүчү субъектке керектөөчүлөрдүн айрым чөйрөсү менен келишимдерди артыкчылыкта түзүү, товарларды биринчи кезекте берүү жөнүндө көрсөтмөлөрдү берүүгө;

9) эгерде мындай шарттар атаандаштыкты чектесе, айрым чарба жүргүзүүчү субъекттердин иштери үчүн атаандаштыкты чектеген артыкчылыктуу же кысымга алуучу шарттарды түзүүнү белгилөөгө;

10) мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүү үчүн зарыл жана милдеттүү болуп саналган кызмат көрсөтүүлөрдү берүүдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарында каралбаган төлөмдөрдү белгилөөгө жана (же) алууга;

11) ушул Мыйзамдын 19-беренесинде белгиленген талаптарды бузуу менен мамлекеттик же муниципалдык преференцияларды берүүгө.

2. Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын функцияларын аткарган башка органдардын же уюмдардын ортосунда, же алар менен чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы макулдашууларга, эгерде мындай макулдашуулар атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же жоюуга алып келсе, тыюу салынат.

3. Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүзөгө ашырылышынын натыйжасында атаандаштыктын болтурбоого, чектелишине же жоюлушуна алып келүүчү (алып келиши мүмкүн болгон) ыйгарым укуктарды берүүгө, ошондой эле мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар тарабынан кызмат көрсөтүүлөрдү, өндүрүштү жана (же) товарларды сатууну монополиязациялаштыруу максатында түзүмдүк бөлүкчөлөрдү жана чарба жүргүзүүчү субъекттерди түзүүгө тыюу салынат.

4. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларын чарба жүргүзүүчү субъекттердин функциялары менен айкалыштырууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, чарба жүргүзүүчү субъекттердин мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз

алдынча башкаруу органдарынын функциялары жана укуктары менен бөлүшүүгө тыюу салынат.

5. Мамлекет атаандаштык рыногунда товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатуу мамлекеттик экономикалык кызыкчылыктардын, улуттук коопсуздуктун жана калктын саламаттыгын сактоонун абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон иш чөйрөлөрүндөгү атаандаштыкты товарды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө жана (же) сатууга, сатып алууга же аны пайдаланууга мамлекеттин өзгөчө укугун бекитүү аркылуу мыйзам менен чектөөгө укуктуу.

Товарды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө, сатууга жана сатып алууга мамлекеттик монополияны киргизүү жөнүндө мыйзам ал кабыл алынган күндөн тартып бир жылдан эрте эмес күчүнө кирет.

6. Ушул берененин жана 19-берененин ченемдери төмөнкүлөргө жайылтылбайт:

- “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын чегинде объекттерди ээликтен ажыратууга;

- Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарында каралган негиздер боюнча мамлекеттик менчикке өткөн объекттерди ээликтен ажыратууга;

- Кыргыз Республикасынын инвестициялар жөнүндө мыйзамдарына ылайык түз сүйлөшүүлөр жолу менен түзүлгөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен инвестордун ортосундагы инвестициялык макулдашууну ишке ашыруунун алкагында мамлекеттик менчик объекттерин ээликтен ажыратууга;

- “Кыргыз Республикасынын улуттук инвестициялык фонду жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык “Кыргыз Республикасынын улуттук инвестициялык фонду” ачык акционердик коомунун жайгаштырылуучу акцияларына акы төлөөнүн эсебине өткөрүлүп берилүүчү мамлекеттик менчик объекттерине, анын ичинде стратегиялык объекттерге;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу мамлекеттик маанидеги объекттерди куруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик милдеттерди жана Кыргыз Республикасынын жарандарын турак жай менен камсыз кылуунун мамлекеттик программасын ишке ашыруу үчүн мамлекеттик менчикте турган жер участогун алмашуу жөнүндө жобонун чегинде мамлекеттик менчикте турган жер участогун алмашуу учурларына;

- улуттук инвестициялык долбоорлорду жана мамлекеттик маанидеги долбоорлорду ишке ашыруу максатында мамлекеттик менчикте турган жер участокторун сатууга.

**19-берене. Мамлекеттик же муниципалдык преференциялар, жардам жана/же субсидиялар**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары экономикалык жана социалдык максаттарда чарба жүргүзүүчү субъекттерге дискрециялык негизде мамлекеттик жардам көрсөтүүгө укуктуу, ошол эле учурда атаандаштыктын абалына терс кесепеттерди азайтууну камсыз кылат.

2. Мамлекеттик жардам мамлекеттик орган тарабынан мамлекеттик ресурстардын эсебинен тандалма негизде Кыргыз Республикасындагы тиешелүү рынокто же анын бир бөлүгүндө атаандаштыкка таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ар кандай чарба жүргүзүүчү субъектке берилүүчү артыкчылыкты билдирет. Ал колдоонун ар кандай түрүн камтышы мүмкүн, анын ичинде салыктык жана бажылык жеңилдиктер жана карыздар, субсидиялар, гранттар, мамлекеттик кепилдиктер, жеңилдетилген кредиттер, өзгөчө укуктар, мамлекеттик, муниципалдык мүлктү жеңилдетилген баада сатуу жана ижарага берүү, жер ресурстарын жана жер казынасын пайдалануу укуктарын жеңилдетилген шарттарда берүү же башка преференциялар жана артыкчылыктар.

3. Монополияга каршы орган ар кандай мамлекеттик жардам көрсөтүлгөнгө чейин маалымдалууга тийиш жана эгерде финансылык жардамдын жалпы өлчөмү ушул Мыйзамга ылайык ченемдик актыларда белгиленген минималдуу чектен ашып кетсе, тигил же бул тармактагы атаандаштыктын абалына преференция, жардам жана/же субсидия берүү жөнүндө мындай чечимдин мүмкүн болуучу кесепеттерин баалоого тийиш.

4. Айкындуулук максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен белгиленген тартипте мамлекеттик жардам же субсидиялар берилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин реестри жүргүзүлөт.

5. Мамлекеттик, муниципалдык жардам, преференциялар же субсидиялар берилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин реестри монополияга каршы жөнгө салуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт.

**20-берене. Товарларды сатып алууга монополияга каршы талаптар**

1. Сатып алууларды жүргүзүүдө атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө же жоюуга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон аракеттерге тыюу салынат, анын ичинде төмөндөгүлөргө:

1) сатып алууларды уюштуруучулар же тапшырыкчылар тарабынан анын катышуучуларынын иштерин координациялоого;

2) эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача белгиленбесе, сатып алуунун катышуучусуна же бир канча катышуучуларына сатып алууларга катышуунун артыкчылыктуу шарттарын, анын ичинде маалыматтарга жетүү жолу менен түзүүгө;

3) сатып алуулардын жеңүүчүсүн же жеңүүчүлөрүн аныктоо тартибин бузууга;

4) сатып алууларды уюштуруучулардын же тапшырыкчылардын жана (же) сатып алууларды уюштуруучулардын кызматкерлеринин же тапшырыкчылардын кызматкерлеринин сатып алууларга катышуусуна;

2. Сатып алууларды жүргүзүүдө ушул берененин 1-бөлүгүндө белгиленген тыюу салуулар менен катар, эгерде сатып алууларды уюштуруучулар же тапшырыкчылар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары болсо, ошондой эле мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды алуу, жумуштарды аткаруу, кызмат көрсөтүү үчүн тапшырыкты берүүгө сатып алууларды жүргүзүүдө сатып алууларга катышууну чектөө ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамдарында каралбаса, тыюу салынат.

3. Мамлекеттик же муниципалдык муктаждыктар үчүн товарларды берүүгө, жумуштарды аткарууга, кызмат көрсөтүүгө тапшырыктарды жайгаштырууга соода сатыктарды өткөрүүдө ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө белгиленген тыюулар менен катар, сатып алуулардын предмети менен технологиялык жана функциялык жактардан товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу, көрсөтүү менен байланышы жок продукцияны (товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) лоттордун курамына кошуу жолу менен сатып алуулардын катышуучуларынын арасында атаандаштыкты чектөөгө тыюу салынат.

4. Тиешелүү сатып алуулар жана мындай сатып алуулардын жыйынтыктары боюнча түзүлгөн бүтүмдөр Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте жараксыз болсо, ушул берене менен белгиленген ченемдердин бузулушу монополияга каршы орган тарабынан таануу үчүн негиз болуп саналат

**21-берене. Экономикалык концентрацияга мамлекеттик контроль**

1. Атаандаштыкты чектөөгө жол бербөө максатында монополияга каршы орган төмөнкү бүтүмдөрдү жана аракеттерди ишке ашырууга мамлекеттик контроль жүргүзөт:

1) эки же андан көп чарба жүргүзүүчү субъекттерди бириктирүү, кошуу, кайра түзүү;

2) ишкердик ишти жүзөгө ашыруу максатында эки же бир нече уюм тарабынан чарба жүргүзүүчү субъектти түзүү (биргелешкен ишкана).

3) үлүштөрдү (акцияларды, пайларды) сатып алуу, эгерде натыйжада:

- субъекттин чечимдерин аныктоо мүмкүнчүлүгү пайда болсо;
- 25% ашык сатылып алынса;
- контроль өткөрүлүп берилсе.

2. Юридикалык же жеке жак:

1) чыгарылган акционердик капиталдын же бизнестин же чарба жүргүзүүчү субъекттин активдеринин жарымынан көбүнө ээлик кылса;

2) төмөнкүдөй жол менен чарба жүргүзүүчү субъекттин же анын бөлүгүнүн экономикалык чечимдерине түздөн-түз же кыйыр түрдө ушул добуштардын көпчүлүгүн чечкиндүү таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо:

а) чарба жүргүзүүчү субьекттин жалпы жыйынында көпчүлүк добуш берүү же тике же кыйыр түрдө бул добуштардын көпчүлүгүнүн добуш берүүсүн контролдоо мүмкүнчүлүгүн берүү;

б) ишкананын директорлор кеңешинин көпчүлүгүн дайындоо же дайындоого вето коюу мүмкүнчүлүгү;

в) директорлор кеңешинин же акционерлердин жыйынынын курамына, добуш берүүсүнө же чечимдерине чечкиндүү таасир этүү мүмкүнчүлүгү;

3) анын стратегиялык же коммерциялык максаттарын кошо алганда, тикелей же кыйыр түрдө чарба жүргүзүүчү субъекттин коммерциялык саясатына олуттуу таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо чарба жүргүзүүчү субъектти контролдоо пайда болот.

3. Ушул Мыйзамдын жоболоруна карама-каршы келген ыкма менен ишке ашырылган же жүзөгө ашырылган кандай болбосун экономикалык концентрация юридикалык жактан алганда арзыбаган болуп саналат, ал эми мындай биригүүгө тиешелүү кандай болбосун мкулдашуудан келип чыккан укуктар же милдеттенмелер сот тартибинде аткарылууга жатпайт.

4. Монополияга каршы орган экономикалык концентрацияны карап чыгып, документтердин толук пакетин алгандан кийин 9.0 күндүн ичинде чечим чыгарат жана биригүү же мындай иш-аракеттер жөнүндө кабар берет. Эгерде монополияга каршы орган биригүүнү ушул беренеде каралган мөөнөттө жактырбаса, биригүү автоматтык түрдө жактырылды деп эсептелет.

5. Монополияга каршы орган документтердин толук пакетин жана кошулуу же мындай аракеттер жөнүндө билдирүүнү алган учурдан тартып

кошулуу жөнүндө текшерүүнүн башталышы же мындай аракеттер жөнүндө чарба жүргүзүүчү субъектти 10 күндүн ичинде маалымдайт.

6. Экономикалык концентрация атаандаштыкты тоскоолдук кылууга, чектөөгө же олуттуу чектөөгө алып келеби же жокпу деген маселени кароодо монополияга каршы орган төмөнкү жагдайлардын жыйындысын эске алат:

1) тиешелүү товардык рыноктун түзүмүн;

2) ушул рынокто, ошондой эле анын чегинен тышкары иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттер тарабынан иш жүзүндөгү же потенциалдуу атаандаштыктын болушу;

3) бирикменин катышуучуларынын рыноктук абалы, алардын экономикалык жана финансылык күчү, анын ичинде үстөмдүк абалды калыптандыруу же күчөтүү мүмкүнчүлүгү;

4) тиешелүү товардык рынокто концентрация деңгээли;

5) рыноктун динамикалык мүнөздөмөлөрү, анын ичинде өсүш темпи, инновациялык өнүгүү даражасы жана товарларды (кызмат көрсөтүүлөрдү) дифференциациялоо деңгээли;

6) жеткирип берүүчүлөр жана керектөөчүлөр үчүн альтернативалардын жеткиликтүүлүгү, анын ичинде алардын жеткирүү булактарына жана (же) сатуу рынокторуна жетүү мүмкүнчүлүгү;

7) рынокко кирүү же андагы ишти кеңейтүү үчүн укуктук, экономикалык же башка тоскоолдуктардын болушу;

8) кардарлардын жана акыркы керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктары;

9) биригүүнүн экономикалык натыйжалуулукту жогорулатууга, инновацияларды стимулдаштырууга жана рыноктун туруктуулугун бекемдөөгө потенциалдуу таасири.

7. Экономикалык концентрацияга алып келүүчү ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1, 2 жана 3-пункттарында каралган аракеттерди ишке ашырууну көздөгөн чарба жүргүзүүчү субъекттер монополияга каршы органга мындай аракеттер жөнүндө алдын ала билдирүү жөнөтүүгө жана монополияга каршы органдын чечимин алууга милдеттүү.

Экономикалык концентрация жөнүндө билдирүүнү талдоонун натыйжалары боюнча монополияга каршы орган төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) сунуш кылынган экономикалык концентрация Кыргыз Республикасынын тийиштүү товардык рынокторунда атаандаштыктын олуттуу чектелишине алып келбейт жана жогорку ыктымалдуулук менен алып келбейт деп таануу жана аны жүзөгө ашырууну жактыруу;

2) сунуш кылынып жаткан экономикалык концентрация жогорку ыктымалдуулук менен Кыргыз Республикасынын бир же бир нече тиешелүү рынокторунда атаандаштыктын олуттуу чектелишине алып келээрин таануу, бирок көрсөтүлгөн кесепеттер белгилүү шарттарды белгилөө

аркылуу алдын алуу (четтетилиши же жумшартылышы) мүмкүн жана мындай шарттарды сактоодо аны жүзөгө ашырууну жактыруу;

3) сунуш кылынып жаткан экономикалык концентрация жогорку ыктымалдуулук менен Кыргыз Республикасынын бир же бир нече тиешелүү рынокторунда атаандаштыктын олуттуу чектелишине алып келерин моюнга алуу жана аны жүзөгө ашырууга тыюу салуу.

8. Монополияга каршы органдын чечими жазуу жүзүндө таризделип, жүйөлөштүрүүчү бөлүгү камтылууга жана экономикалык концентрациянын катышуучуларына жиберилүүгө тийиш. Чечимдин купуя эмес версиясы монополияга каршы органдын расмий веб-сайтында милдеттүү түрдө жарыялanууга тийиш.

9. Монополияга каршы органдын чечими ал экономикалык концентрациянын катышуучулары тарабынан берилген туура эмес же адаштыруучу маалыматтардын негизинде кабыл алынгандыгы аныкталган учурда же чарба жүргүзүүчү субъект тарабынан аталган чечимде белгиленген милдеттенмелердин бузулгандыгы аныкталган учурда жокко чыгарылышы мүмкүн.

10. Экономикалык концентрацияны баалоонун жол-жоболук жана мазмундуу критерийлери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталат.

**22-берене. Чарбакер субъекттердин акцияларын (уставдык капиталдагы үлүштөрүн) сатып алууда монополияга каршы мыйзамдардын сакталышына мамлекеттик контроль**

1. Үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттин ошол эле товар рыногунда иштеген башка чарбакер субъекттин акцияларын (уставдык капиталдагы үлүштөрүн) алуусу, ошондой эле үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъекттин акцияларынын контролдук пакетин (уставдык капиталдагы үлүштөрүн) каалаган юридикалык жактын же жарандын сатып алуусу монополияга каршы органдын алдын ала макулдугу менен жүзөгө ашырылат.

2. Ушул берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн бүтүмдөрдү түзүү үчүн ыйгарым укуктуу жак монополияга каршы органга аларды түзүүгө макулдук берүү жөнүндө өтүнүч катты жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинде бекиткен тартипке ылайык маалыматты берет.

3. Эгерде өтүнүчтү канааттандыруу чарбакер субъекттин (жактардын тобунун) үстөмдүк абалынын пайда болушуна же күчөшүнө жана анын натыйжасында атаандаштыктын чектелишине алып келиши мүмкүн болсо, же чечим кабыл алуу үчүн маанилүү маалымат туура эмес берилсе, өтүнүч четке кагылышы мүмкүн.

4. Ушул беренеде белгиленген тартипти бузуу менен түзүлгөн, үстөмдүк абалдын пайда болушуна же күчөшүнө жана анын натыйжасында атаандаштыктын чектелишине алып келүүчү бүтүмдөр Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык жараксыз деп таанылат

**23-берене. Чарбакер субъекттерди мажбурлап бөлүү (бөлүп чыгаруу)**

1. Үстөмдүк абалды ээлеген чарбакер субъект тарабынан монополиялык ишти такай жүзөгө ашырган учурда монополияга каршы орган мындай уюмдарды мажбурлап бөлүү жөнүндө же болбосо алардын курамынан бир же бир нече уюмду бөлүп чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Мажбурлап бөлүүнүн натыйжасында түзүлгөн уюмдар жактардын бир тобуна кире албайт.

2. Чарбакер субъекттерди мажбурлап бөлүү же бөлүп чыгаруу чечими төмөнкүдөй бир же бир нече шарттар болгондо кабыл алынат:

1) рынокто атаандаштыктын өнүгүүсүнө алып келсе;

2) уюмдун түзүмдүк бөлүктөрүн өзүнчө бөлүүгө мүмкүнчүлүк болсо;

3) уюмдун түзүмдүк бөлүктөрүнүн технологиялык жактан шартталган өз ара байланышы жок болсо;

4) өзгөртүп уюштуруунун натыйжасында түзүлгөн юридикалык жактар үчүн тийиштүү рынокто өз алдынча иштөөгө мүмкүндүк бар болсо.

3. Чарбакер субъекттерди мажбурлап бөлүү же бөлүп чыгаруу жөнүндө чечим ал чечимде каралган талаптарды эске алуу менен жана ошол чечимде көрсөтүлгөн мөөнөттө, ал мөөнөт үч айдан кем болушу мүмкүн эмес, менчик ээси же ыйгарым укуктуу орган тарабынан аткарылууга жатат.

**24-берене. Монополияга каршы органдын кызматкерлеринин маалымат алууга укуктары**

1. Монополияга каршы органдын кызматкерлери монополияга каршы мыйзамдардын бузулушу жөнүндө арыздарды жана иштерди кароодо, аларга жүктөлгөн ыйгарым укуктарга ылайык экономикалык концентрацияга жана атаандаштыктын абалына талдоо жүргүзүлүшүнө мамлекеттик контролду жүзөгө ашырууда, алар кызматтык күбөлүктөрүн жана монополияга каршы органдын жетекчисинин (анын орун басарынын) чечимин көрсөтүү менен зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды алуу үчүн мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, уюмдарга жана мекемелерге, алардын уюштуруу-укуктук формасына жана менчигинин түрүнө карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттерге жана алардын бирикмелерине тоскоолдуксуз кирүүгө, анын

ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен белгиленген тартипте контролдук иш-чараларды өткөрүү, ошондой эле электр байланыш операторлорунун маалымат базаларын (маалымат тутумдарын) кошпогондо, автоматташтырылган маалымат базаларынын (маалымат тутумдарынын) маалыматтарын алууга укуктуу.

2. Коммерциялык, кызматтык, мыйзам менен корголуучу башка сырды түзгөн маалымат монополияга каршы органга Кыргыз Республикасынын коммерциялык сыр жөнүндө мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык берилет.

**25-берене. Монополияга каршы органга маалымат берүү боюнча милдеттер**

Монополияга каршы органга жүктөлгөн тапшырмалардын жана иш-милдеттердин аткарылышы үчүн юстиция. бажы органдары жана башка мамлекеттик органдар чарба жүргүзүүчү субъекттердин иштерин жөнгө салууну (көзөмөлдөөнү) жана алардын мамилелерин каттоону жүзөгө ашыруучу архивдик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана менчигинин түрүнө карабастан чарба жүргүзүүчү субъекттер монополияга каршы органдын талабы боюнча керектүү документтерди жана анын ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык сыр жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипте коммерциялык жана кызматтык маалыматты берүүгө милдеттүү.

Ушул Мыйзамда белгиленген тартипте суралган маалыматтарды жана маалыматтарды берүүдөн баш тартуу, белгиленген мөөнөттө бербөө же билип туруп анык эмес маалыматтарды берүү Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

**26-берене. Чыгымдын ордун толтуруу**

1. Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, анын ичинде монополияга каршы органдын монополияга каршы мыйзамдарды бузуу менен кабыл алган актыларынан улам же көрсөтүлгөн органдар тарабынан өз милдеттерин аткарбагандыктан же тийиштүү түрдө аткарбагандыктан чарба жүргүзүүчү субъектке же башка жакка чыгым келтирилген болсо, ал чыгымдын орду Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамына ылайык толтурулууга тийиш.

2. Монополияга каршы мыйзамдар бузулган учурда мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (алардын кызмат адамдары), чарба жүргүзүүчү субъекттер (алардын жетекчилери) мыйзам бузууну монополияга каршы органдын чечимине ылайык

токтотууга, мурдагы абалды кайра калыбына келтирүүгө, келишимди бузууга (келишим түзүүгө) же ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамына каршы келген актыны жокко чыгарууга, монополияга каршы мыйзамдарды бузуунун натыйжасында алынган кирешени республикалык бюджетке которууга жана башка аракеттерди аткарууга милдеттүү.

3. Эгерде чарба жүргүзүүчү субъекттин монополияга каршы мыйзамдарды бузуу аракетинен (аракетсиздигинен) башка чарба жүргүзүүчү субъектке же башка жакка чыгым келтирилсе, ал чыгымды Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык, ага дуушарланткан чарба жүргүзүүчү субъект ордун толтурууга тийиш.

**27-берене. Жоопкерчилик чаралары**

Монополияга каршы мыйзамдарды бузулушуна күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Жоопкерчиликке тартуу күнөөлүү адамдарды монополияга каршы органдын чечимин аткаруудан бошотпойт.

Монополияга каршы органдын кызмат адамдары ушул Мыйзамды бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат

Ушул Мыйзамдын 13 жана 14-беренелери бузулганда, товардык рынокто үстөмдүк кылуучу абалды кыянаттык менен пайдаланганда, чарбакер субъект (жактардын тобу) тарабынан атаандаштыкты чектеген макулдашуу (картель) түзүлгөндө макулдашылган иш-аракеттер, доонун эскирүү мөөнөтү жосун жасалган акыркы күндөн кийинки күндөн тартып 6 жылга белгиленет.

**28-берене. Монополияга каршы орган тарабынан монополияга каршы мыйзамдардын бузгандыгы жөнүндө иштерди кароо үчүн негиздер**

1. Монополияга каршы орган монополияга каршы мыйзамдардын бузулушу жөнүндө иштерди өз демилгеси боюнча, жеке жана юридикалык жактардын арыздарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын билдирүүлөрүнүн жана ушул Мыйзамдын бузулушун күбөлөгөн өзүндөгү башка материалдардын негизинде карайт.

2. Монополияга каршы органга арыздар жазуу же электрондук түрүндө, монополияга каршы мыйзамдардын бузулган фактылары жөнүндө документтерди тиркөө менен берилет жана төмөнкүлөрдү камтышы керек**:**

1) арыз ээси жөнүндө маалыматтар жана жашаган жеринин дареги;

2) мамлекеттик каттоо жөнүндө маалыматтар, иштин негизги түрлөрү, даярдалуучу (өндүрүлүүчү) жана (же) сатылуучу товарлар, иштин географиялык чектери жөнүндө маалыматтар;

3) бузуу жөнүндө арыз берилген жак жөнүндө арыз ээсинде болгон маалыматтар жана жашаган жеринин дареги;

4) монополияга каршы мыйзамдын бузулуу белгилеринин сыпаттамасы;

5) арыз берүүчү кайрылган талаптардын маңызы;

6) тиркелген далилдердин тизмеси (алар бар болсо).

Далилдерди берүү мүмкүн болбогон учурда аларды берүү мүмкүн эместигинин себеби, ошондой эле мындай далилдер алынышы мүмкүн болгон болжолдуу жак көрсөтүлөт.

Укук бузуу жөнүндө арызга тиркелген далилдер анык болушу керек.

Документтердин пакети толук эмес көлөмдө берилген учурда монополияга каршы орган документтерди карабастан арыз ээсине кайтарып берүүгө укуктуу.

3. Монополияга каршы мыйзамдардын бузулушу жөнүндө иштерди кароонун жана иликтөө жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

**29-берене. Монополияга каршы мыйзамдарды бузууга жол берилбестиги жөнүндө алдын ала эскертүү**

1. Монополияга каршы мыйзамдарды бузуунун алдын алуу максатында монополияга каршы орган мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, чарба жүргүзүүчү субъектиге монополияга каршы мыйзамдарды бузууга алып келиши мүмкүн болгон аракеттерди жасоого жол берилбестиги жөнүндө жазуу түрүндө алдын ала эскертүү жөнөтөт.

2. Эгерде мындай аракет монополияга каршы мыйзамдарды бузууга алып келиши мүмкүн болсо жана мында монополияга каршы мыйзамды бузуу жөнүндө ишти козгоо жана кароо үчүн негиздер жок болсо, товардык рынокто чарба жүргүзүүчү субъекттин аракети жөнүндө жана (же) мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын пландалып жаткан аракеттери жөнүндө ачык билдирүү алдын ала эскертүү жөнөтүү үчүн негиз болуп саналат.

3. Алдын ала эскертүү берүү тартибин жана анын формасын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекитет

**30-берене. Монополияга каршы мыйзамдарды бузуунун белгилерин камтыган иш-аракеттерди (аракетсиздикти) токтотуу жөнүндө эскертүү**

1. Атаандаштыкты болтурбоого, чектөөгө, четтетүүгө жана/же ишкердик чөйрөсүндөгү башка жактардын (чарба жүргүзүүчү субъекттердин) кызыкчылыктарын кысымга алып келүүчү же болбосо керектөөчүлөрдүн белгисиз чөйрөсүнүн кызыкчылыктарын кысымга алып келүүчү же алып келүүсү ыктымал болгон аракеттерге (аракетсиздиктерге) бөгөт коюу максатында, ошондой эле ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 3-5, 7, 8, 11-пункттарын, 17 жана 18-беренелерин бузган белгилери аныкталган учурда монополияга каршы орган мамлекеттик же муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө катышуучу чарба жүргүзүүчү субъектке, мамлекеттик органга, өз алдынча башкаруу органына жана башка уюмдарга жазуу жүзүндө эскертүү берет.

2. Монополияга каршы орган тарабынан ушул Мыйзамдын 13-беренесинин 3-5,7,8,11-пункттарын, 17 жана 18-беренелерин бузгандыгы жөнүндө ишти кароо тууралуу чечимди эскертүү бербестен жана аны аткаруу мөөнөтү бүткөнгө чейин кабыл алууга жол берилбейт.

3. Монополияга каршы мыйзамдарды бузгандыгы жөнүндө ишти кароо учурунда ушул Мыйзамдын 13-беренесинин 3-3-5, 7, 8, 11-пункттарын, 17 жана 18-беренелерин бузган белгилери аныкталган жана алар мындай иш каралып жаткан мезгилинде белгилүү болбогон учурда, бул ишти кароодо монополияга каршы орган тарабынан эскертүү берилет

**31-берене. Монополияга каршы органдын көрсөтмөлөрүн жана башка чечимдерин аткаруу**

Монополияга каршы органдын чечими (көрсөтмөсү) толук түрдө жана чечимде (көрсөтмөдө) белгиленген мөөнөттө аткарылууга жатат. Аталган чечимди (көрсөтмөнү) өз убагында жана толук түрдө аткарбоо монополияга каршы мыйзамдарда каралган натыйжаларга кириптер кылат.

**32-берене. Монополияга каршы органдын чечимдерине даттануу укугу**

Мамлекеттик органдар, чарбакер субъекттер жана алардын кызмат адамдары монополияга каршы органдын чечимдерине (көрсөтмөлөрүнө, республикалык бюджеттин пайдасына өндүрүп алуу жөнүндө токтомдор) административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарда каралган же соттук тартипте, ал эми жаза пулдарды колдонуу бөлүгүндө - Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте даттанууга укукту

**33-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши жөнүндө**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып үч ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн баштап төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

– “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 22-июлундагы №116 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 5-апрелиндеги №147 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1052-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 21-январындагы №22 Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., №1, 22-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 13-августундагы №225 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., №7, 1028-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (“Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө”, “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйздарына)” Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 15-июлундагы №118 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (“Жарнама жөнүндө”, “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына)” Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 28-июлундагы №153 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Расмий статистика чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 8-июлундагы №83 Мыйзамынын 16-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 22-июлундагы №96 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2022-

жылдын 20-январындагы №8 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (“Атаандаштык жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына)” Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 30-июнундагы №52 Мыйзамынын 1-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Юридикалык жактарды каттоо (кайра каттоо) чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана “Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын күчүн жоготту деп таануу тууралуу” Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 28-февралындагы №44 Мыйзамынын 6-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

– “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө (“Ишкердик субъекттерине текшерүү жүргүзүү тартиби жөнүндө”, “Атаандаштык жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына)” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., № 7, 1019-б.);

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти**

Кыргыз Республикасынын экономика жана
коммерция министри ______________________Б.Т. Сыдыков
2025-ж. «__» _____